Сезимдерим

с.о: Мейликан Темирова

Сезилет жашоо кызык жомоктой,
Эркелеп жетем баарына оп-оңой.
А бирок сүйүү деген нерсе бар —
Эмнеге болбойт ал жөнөкөй?..

Ойлорумда өзгөчө орун алдын,
Жаркыраган көздөрүңдү дайым
Көргүм келип сени күн сайын —
Жалгызым-ай, бир өзүңө байландым.

Кайра-кайра сени эстеп,
Жанымда элестетем.
Жолугуу күнүбүз келсе,
Деп кыялданам, эмнеге билбейм…

Сүйүү саптарына толгон китептей,
Супсулуу ачылган жаз мезгилиндей,
Гүлдөрдөй жайнаган сезимдерим —
Эң кымбат берилген мага белектей.

Ойлорумда өзгөчө орун алдын,
Жаркыраган көздөрүңдү дайым
Көргүм келип сени күн сайын —
Жалгыз айдай бир өзүңө байландым.

Кайра-кайра сени эстеп,
Жанымда элестетем.
Жолугуу күнүбүз келсе,
Деп кыялданам, эмнеге билбейм…